# 1. «Кожожаш» эпосу жанрдык жактан кандай эпос болуп саналат?

A) турмуш – тиричилик эпос

B) лиро – эпикалык

C) архаикалык

D) мифологиялык

**2. «Кожожаш» эпосунда адам баласы менен эмненин байланышы сүрөттөлөт?**

A) адам баласы менен космостун

B) адам баласы менен башка планеталардагы адамдардын

C) адам баласы менен табияттын

D) адам баласы менен жырткычтардын

**3. «Кожожаш» эпосунан сырткары адам – табият проблемасын козгогон дагы кандай эпосту билесиңер?**

A) «Карагул  ботом»

B) «Кедейкан»

C) «Эр Табылды»

D) «Саринжи Бөкөй»

# 4. «Кожожаш» эпосундагы Кожожаштын аян берүүчү түшү кантип бүтөт?

A) жалама зоодон кулап түшүүсү менен бүтөт

B) жалама зоого чыга албай жатуусу менен бүтөт

C) жалама зоонун ортосунда калуусу менен бүтөт

D) жалама зоонун кыл чокусуна чыгуусу менен бүтөт

**5. «Кожожаш» эпосунда Кожожаш мергендин кайберендерди атканы келгендигин Алабашка кимдер кабарлайт?**

A) башка мергенчилер

B) Сур эчкинин эки улагы

C) Кожожаштын аялы Зулайка

D) айылдагы адамдар

**6. «Кожожаш» эпосундагы Кожожаш менен Сур эчкинин куушкан жерлерин Кыргызстандын азыркы картасынан тапса болобу?**

A) айрымдарын гана тапса болот

B) тапса болот

C) табуууга болбойт, анткени алар эң байыркы заманда болуп өткөн

D) Эпос көркөм чыгарма болгондуктан андагы жер – суу аттарынын баарысы ойдон чыгарылган

**7. «Кожожаш» эпосундагы сыйкырдуу күчтүн ээсинин аты:**

A) Кара эчки

B) Куу эчки

C) Сары эчки

D) Сур эчки

**8. «Эр Табылды» эпосунда калмактар тийип кеткен жылкынын ичинен Табылды кырк чоросу менен минчү тулпарларды ким бөлүп айдап келип берет?**

A) досу Элдияр

B) аталаш тууганы Кудайназар

C) карындашы Кардыгач

D) досу Эрмек

**9. «Эр Табылды» эпосунда Эр Табылды менен калмактын баатыр ханы Чалкалмак кай жерде кырчылдашып кармашат?**

A) Калмак – Ашуусунда

B) Кара – Каман суунун ичинде

C) Кашкардын четинде

D) Нарындын  жээгинде

**10. «Эр Табылды» эпосунда жарадар болуп жаткан Табылды кайсы куш аркылуу армандуу саламын айтат?**

A) Күкүк куш

B) Молдо торгой

C) Зымырык куш

D) Алтын куш

**11. «Эр Табылды» жанрдык жактан кандай эпос болуп саналат?**

A) архаикалык эпос

B) мифологиялык эпос

C) баатырдык эпос

D) турмуш – тиричилик эпос

**12. Токтогул санат, насыят ырларында эр жигитти кандай адам болууга чакырат?**

A) жоокер болууга

B) ач көз, соодагер болууга

C) эринбей иштеген эмгекчил болууга

D) эмгектен качкан эринчээк болууга

## 13. Кыргыз адабиятынын тарыхында эң биринчи болуп басылып чыккан китеп эмне деп аталат жана ал китеп кимге таандык

A) «Кедейлерге насыят», Тоголок Молдого

B) «Баскан жол», Калыкка

C) «Кайран эл», Ысак Шайбековго

D) «Зилзала» Молдо Кылычка

**14. Молдо Кылычтын «Чүй баяны» поэмасы кандай окуяларды сүрөттөө менен башталат?**

A) тээ байыркы турмушту сүрөттөө менен

B) Октябрь революциясына байланыштуу окуяларды сүрөттөө менен

C) орустардын келүүсү менен өзгөргөн кылым башындагы окуяларды сүрөттөө менен

D) басмачылар мезгилиндеги окуяларды сүрөттөө менен

**15. Калык Акы уулунун «Баскан жол» деген китеби жанрдык жактан кандай чыгарма болуп эсептелинет?**

A) тарыхый

B) лирикалык

C) дидактикалык

D) мемуардык

**16. Коргол ырчынын «Токтогулдун баласынын өлгөнүн угузганы» деген чыгармасы жанрдык жактан кандай чыгарма болуп эсептелет?**

A) арман ырлары

B) санат – насыят ырлар

C) кошок ырлар

D) угузуу ырлар

**17. Алымкул төкмөнүн «Атайга эстелик» деген ырында айтылуу ырчы Атайдын эмнеси жөнүндө айтылат?**

A) балалык өмүрү жөнүндө

B) күүлөр жана ырлары жөнүндө

C) махабаты жөнүндө

D) ата – энеси жөнүндө

**18. Алымкул ырчы «Мусага эстелик», «Атайга эстелик» деген чыгармаларында бул эки залкар талантты кандай эпитеттер менен атайт?**

A) кабылан

B) жолборс

C) куш

D) булбул

**19. Токтогулдун төмөнкү санатынын маанисин тактап толуктагыла.**

**«Ханды кудай ураарда**
**Калкына жаман …**
**Байды кудай ураарда**
**Дөөлөтүнө …**

A) «өч болот, көч конот»

B) «кас болот, мас болот»

C) «тар болот, кар болот»

D) «баш болот, таш болот»

**20. Жеңижок менен болгон айтышта: «дарактын мөмөсү, арактын шишеси, санаттын сабагы, канаттын чалгыны, жылкынын асылы, ырчынын торгою, булбулу»,- деп Эсенаман кимди айтат?**

A) Калыгулду

B) Токтогулду

C) Эсенаман өзүн өзү

D) Жеңижокту

**21. « Шишеси болосоң арактын,**
**Мас адам сени сыйлайбы?**
**Таамайлап кармап мойнумду**
**Ташка чаап урбайбы?**
**Койкойгон мойнуң жоголуп**
**Кокуй чал жаның тынбайбы», - деген жоопту Эсенаманга ким айтат?**

A) Токтогул

B) Жеңижок

C) Коргол

D) Эшманбет

**22. Калык Акы уулунун «Баскан жол» деген китебинде окуялар кандай ыкмада баяндалып берилип жана кимдин өмүр тагдыры сүрөттөлөт?**

A) жалаң кара сөз түрүндө; Токтогулдун өмүр тагдыры.

B) сахналык чыгарма түрүндө; Осмонкулдун өмүр тагдыры.

C) жалаң ыр түрүндө; Барпынын өмүр тагдыры.

D) ыр жана кара сөз түрүндө; Калыктын өзүнүн өмүр тагдыры.

# Жооптору:

| | | |
|---|---|---|
| 1 – A | 9 – B | 17 – B |
| 2 – C | 10 – A | 18 – D |
| 3 – A | 11 – C | 19 – B |
| 4 – C | 12 – C | 20 – C |
| 5 – B | 13 – D | 21 – B |
| 6 – B | 14 – C | 22 – D |
| 7 – D | 15 – D | |
| 8 – C | 16 – D | |

-